УДК:159.9+37.091

Исакова Ч.Б., Акмолдоева А.Ж.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ БАГЫТЫНДА "ПСИХОЛОГИЯ" ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА "ПЕДАГОГИКАЛЫК ПСИХОЛОГИЯНЫН ПРЕДМЕТИ, МИЛДЕТТЕРИ, СТРУКТУРАСЫ, МЕТОДДОРУ" ТЕМАСЫНДАГЫ ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТЫН ПЛАН-КОНСПЕКТИСИ

*Макалада "Психология" дисциплинасы боюнча "Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери, структурасы, методдору" темасындагы лекциялык сабактын план-конспектиси, электрондук окутуу багытындагы айрым методдорду колдонуу жолдору көрсөтүлгөн: электрондук презентация, электрондук тесттер, оф-лайн лекция.*

***Негизги сөздөр:*** *Педагогикалык психология, педагогика, психология, окутуу, тарбиялоо, өздөштүрүү, өнүгүү, изилдөө методдор.*

*В статье представлен план-конспект лекционного занятия на тему «Предмет, задачи, структура и методы педагогической психологии» по дисциплине «Психология» с применением элементов электронного обучения: электронная презентация, электронные тесты, оф-лайн лекция.*

***Ключевые слова:*** *Педагогическая психология, педагогика, психология, обучение, воспитание, усвоение, развитие, методы исследования.*

*The article presents a plan-summary of the lecture session on "Subject, tasks, structure and methods of educational psychology" in the discipline "Psychology" using elements of e-learning: electronic presentation, electronic tests, off-line lecture.*

***Key words:*** *Pedagogical psychology, pedagogy, psychology, education, upbringing, assimilation, development, research methods.*

Заманбап коомдогу илимий-техникалык, саясий, социалдык өзгөрүүлөр адамдан, өзгөчө, жаш муундардан жогорку билимдүүлүктү, мобилдүүлүктү, активдүүлүктү талап кылат. Студенттерде бул сапаттарды калыптандырууда жогорку окуу жайлардын мааниси чоң. Бүгүнкү күндө, информациялык технологиялар өнүккөн шарттарда, электрондук окутууга өтүү сапаттуу билим берүүнүн негизги шарттарынын бири болуп саналат.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнин педагогикалык адистигиндеги 2-курстун, 3-семестринде өтүүлүчү "Психология" курсу боюнча " Педагогикалык психологиянын предмети, тапшырмалары, структурасы, методдору" темадагы лекциялык сабактын электрондук окуунун элементтерин колдонуу менен түзүлгөн план-конспектиси сунушталат.

Тема: **Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери, структурасы, методдору**

Лекциянын мазмуну

План:

1. Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери. Педагогикалык психологиянын түзүлүшү.
2. Педагогикалык психологиянын методдору.
3. Педагогикалык психологиянын өнүгүү этаптары.
4. Оф-лайн электрондук тест.
5. Адабияттар.

**Сабактын максаты:**

Педагогикалык психология илими жөнүндө түшүнүк берүү; педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери, педагогикалык психологиянын түзүлүшү боюнча маалымат берүү; педагогикалык психологиянын методдору жөнүндө студенттердин билимдерин кеңейтүү, толуктоо; педагогикалык психологиянын өнүгүү этаптары жөнүндө маалымат берүү.

Студенттерди илимдер аралык байланыштарды аныктоого, аларды анализдөөгө үйрөтүү; өз тажрыйбаларын, билимдерин жаңы маалыматты өздөштүрүүдө колдонууга үйрөтүү.

**Сабакта колдонулган методдор жана стратегиялар:** Мээ чабуулу, кластер, лекция, электрондук презентация.

· **Сабактын жабдылышы:** доска, бор, ватман, компьютер, проектор.

· **Сабактын жүрүшү:**

1. **Уюштуруу учуру.**

2. **Жаңы теманы түшүндүрүү**.

1-суроо. Педагогикалык психологиянын предмети, милдеттери.

Педагогикалык психологиянын түзүлүшү.

Лекциянын темасы, каралуучу суроолор слайдда берилет.

Мээ чабуулу: Силердин оюңар боюнча педагогикалык психология илими эмнени изилдейт?

Биринчиден, студенттер өз алдынча иштешет, андан кийин пикирлер доскада жазылат.

Педагогикалык психология эки илимдин кошулушу экендиги тууралуу слайд көрсөтүлөт.

Студенттердин *психология* жана *педагогика* илимдери жөнүндө билимдер кайталанат, натыйжада, педагогикалык психологиянын аныктамасы жөнүндө студенттердин пикирлери сунушталат.

Айтылган пикилер талкууланып, педагогикалык психология илиминин аныктамасы слайд түрүндө берилет.

"Педагогикалык психология" термини маңыздуу эки илимдин кошулушу менен түшүндүрүлөт. Психология илими адамдын психикалык өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутса, педагогика илими окутуу жана тарбиялоонун мыйзам ченемдүүлүгүн, алардын жаратылышын иликтейт.

**Педагогикалык психология – билим берүү процессинин шарттарында инсандын калыптануу механизмдерин, мыйзам ченемдүүлүктөрүн, фактыларын изилдөөчү психологиялык илимдин тармагы.**

Педагогикалык психологиянын обьектиси болуп окуу жана тарбиялоо процесси саналат.

Педагогикалык психологиянын предмети болуп билим берүү процессиндеги инсандын калыптануусун камсыз кылуучу механизмдер, мыйзам ченемдүүлүктөр жана шарттар эсептелет.

Педагогикалык психология илимдин тармагы катарында курак психологиясы, дифференциялык психология, педагогика, социалдык психология, философия, культурология, психогенетика илимдери менен тыгыз байланышта.

Педагогикалык психологиянын башка илимдер менен болгон байланышын аныктоо максатында студенттерге суроо берилип, доскада кластер түзүлөт.

Педагогикалык психологиянын негизги милдеттери:

Педагогикалык психология билим берүү процессиндеги окуу-тарбиялык ишмердүүлүктүн ар-кандай шарттарында адамдын интеллектуалдык жана

инсандык өнүгүшүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдейт.

- Педагогикалык психология окуу процессинин структурасын, мүнөздөмөсүн, мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутат.
- Окуунун курактык жана индивидуалдуу өзгөчөлүгүн изилдейт.
- Өнүгүүнүн жогорку эффективдүүлүгүн камсыз кылуучу шарттарды изилдейт ж.б.

Педагогикалык психологиянын түзүлүшү өз ичине үч тармакты камтыйт: педагогикалык ишмердүүлүктүн психологиясы, окутуунун психологиясы, тарбиялоонун психологиясы. (Слайд).

Педагогикалык психологияда колдонулуучу түшүнүктөрдүн системасы (слайд).

*Окутуу (обучение)* – бул окуучуларды билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылуучу, аларды тарбиялоого жана өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүү процесси.

*Өздөштүрүү термини* социалдык тажрыйбалардын элементтеринин жеке тажрыйбага өтүү процессин түшүндүрөт. Өздөштүрүү ар дайым субьектинин ишмердүүлүгү аркылуу оюнда, окууда, эмгекте ишке ашат.

Негизги түшүнүктөргө *калыптандыруу* термини да кирет.

*Үйрөтүү* термини чет өлкөдө окуу терминине эквивалент катарында колдонулат. Азыркы учурда үйрөтүүнү жаныбарларга көбүрөөк колдонушат.

*Өнүгүү* термини өздөштүрүү процессине байланыштуу. Өнүгүү – абдан татаал процесс, анын жүрүшүндө ар бир куракка тиешелүү болгон инсандык өзгөрүүлөр жаралат. Л.С.Выготскийдин ою боюнча, өнүгүү – бул «жаңы нерселердин» инсандын психикасында жаралуу жана калыптануу процесси. Бул жаңы нерселерди психологияда «жаңы түзүлүш» деп аташат.

Лекциянын биринчи суроосу жыйындыкталат.

**2-суроо. Педагогикалык психологиянын методдору.**

Психологиялык фактыларды аныктап, жыйноо үчүн педагогикалык психология психологиялык илимдин башка тармактарынан алынган методдорду жана методикаларды колдонот.

Адегенде, изилдөө «методу» менен «методиканын» ортосундагы айырманы билүү зарыл.

Метод (грекче «бир нерсеге жол») – бул жалпы жол-жобо, изилдөө ыкмасы дегенди түшүндүрөт. Метод деп психологиялык кубулуштардын мыйзам ченемдүү байланыштарын аныктоону максат кылган илимий маалыматтарды жыйноонун жолун түшүнөбүз.

Методика – бул фактыларды жыйноонун конкреттүү, тактикалык ыкмасы болуп саналат. Ал изилдөөчүнүн иштөө шарттары, изилдөө обьектисинин өзгөчөлүгү жана ошондой эле изилдөөчүнүн чыгармачылыгы менен аныкталат.

Бардык методдордун жалпы максаты болуп, психологиялык фактыларды теориялык анализге алуу үчүн так каттоону жүргүзүү саналат.

Методология деп илимий – таанып ишмердүүлүгүн уюштуруунун принциптерин, формаларын жана ыкмаларын түшүнөбүз. Илимдин методологиясы изилдөөнүн компоненттеринин (изилдөө обьектиси, предмети, маселелери жана методдору) мүнөздөмөсүн берет.

Кандай гана психологиялык изилдөө болбосун, ал жалпы методологиялык

принциптердин негизинде түзүлөт.

Методологиялык принциптер, конкреттүү маселелер адамдын психикасынын тигил же бул өзгөчөлүктөрү психологиялык изилдөөнүн жалпы жолун же стратегиясын аныктайт. Ошондуктан конкреттүү методдорго мүнөздөмө берүүдөн мурда адамдын психикалык өнүгүүсүн изилдөөнүн негизги формалары (же тактикалары) менен таанышуу максатка ылайык.

Негизги методологиялык принциптер: детерминизм принциби; обьективдүүлүк принциби; өнүгүү принциби.

Педагогикалык психологиясында изилдөө методикаларынын саны өтө көп, ал эми негизги методдор байкоо жүргүзүү жана эксперимент болуп саналат. Алардын ар биринин бир нече варианты бар (слайд).

Байкоо жүргүзүү деп максаттуу жана пландуу түрдө тийиштүү психикалык кубулушту изилдөөчү тарабынан кабыл алууну айтабыз.

Байкоонун бир нече варианттары: жалпы жана тандалмалуу, жашыруун жана ачык байкоо жүргүзүү бар.

Эксперимент методу – бул адамдын психикалык өнүгүүсүнүн кандайдыр бир өзгөчөлүгүн атайын уюшулган шарттарда изилдөөнүн формасы.

Эксперимент методунун ар кандай түрлөрү болгон: табигый жана лабораториялык, констатациялык жана калыптандыруучу эксперименттерди ажыратышат.

Тест методу, ошондой эле, адамдардын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.

Ишмердүүлүктүн натыйжаларын анализдөө методу. Ишмердүүлүктүн натыйжалары деп балдардын тарткан сүрөтү, чаптаган көркөм иши, айткан аңгемеси же жомогу, окуучунун текшерүү иши, жазган ырлары ж.б. эсептелет.

Аңгемелешүү деп психикалык кубулуштар жөнүндө фактыларды атайын түзүлгөн программа боюнча пикирлешүү процессинде жыйноо методун түшүнөбүз.

Анкеттөө – бул анкетанын жардамы менен сурап-билүү аркылуу изилденүүчүнүн психикасы тууралуу маалыматтарды жыйноо методу.

Ошентип, жогоруда каралган методдордун жардамы менен психолог изилденип жаткан адамдын психикалык өнүгүүсү жөнүндө илимий материалдарды чогултат.

**3-суроо. Педагогикалык психологиянын өнүгүү этаптары.**

**Биринчи этап – XVII** кылымдын ортосунан XIX кылымдын аягына чейинки этапты камтыйт жана жалпы дидактикалык мүнөзгө ээ. Бул мезгил Я.А.Коменский (1592-1670), Жан-Жак Руссо (1712-1778), Иоганн Песталоцци (1746-1827), Иоганна Гербарта (1776-1841), Адольфа Дистервега (1790-1866), К.Д.Ушинский (1824-1870), П.Ф.Каптерев (1849-1922) аттуу белгилүү окумуштуулардын эмгектери менен байланыштуу. Аталган окумуштуулардын педагогикалык психологиянын өнүгүшүнө кошкон салымы төмөнкү проблемаларды кароо менен аныкталат: өнүгүү, окутуу, тарбиялоонун өз ара байланышы; окуучунун чыгармачыл активдүүлүгү; баланын жөндөмдүүлүктөрү жана алардын өнүгүшү; мугалимдин окутууну уюштуруу жолдору ж.б.

**Экинчи этап – XIX** кылымдын аягынан XX кылымдын ортосуна чейинки мезгилди камтыйт. Бул этапта педагогикалык психология өз алдынча тармак катарында калыптана баштаган. Педагогикалык психология эксперименталдык психологиянын өнүгүшү жана конкреттүү педагогикалык системалардын

калыптанышы менен бирге өнүгүп калыптанат. А.П.Нечаева, А.Бине, Б.Анри, М.Оффнера, Э.Меймана, В.А.Лайя, Г.Эббингауз, Ж.Пиаже, А.Валлона, Дж. Дьюи, С.Фрэне, Э.Клапереда окумуштуулардын эмгектеринде эске тутуунун өзгөчөлүгү, кептин, интеллектин өнүгүшү, көндүмдөрдүн калыптануу өзгөчөлүктөрү жана башка психологиялык проблемалары каралган.

Экинчи этап психологиялык-педагогикалык өзгөчө багыт болгон – педалогиянын калыптанышы менен мүнөздөлөт (Дж.М.Болдуин, Э.Киркпатрик, Э.Мейман, П.П.Блонский, Л.С.Выготский).

**Үчүнчү этап – XX** кылымдын ортосунан башталат. Бул этапта бир нече психологиялык теориялар, б.а., педагогикалык психологиянын теорияларынын негиздери иштелип чыккан. 1954-ж. Б.Скиннер программалаштырылган окутуунун теориясын сунуштаган, 60-жылдары Л.Н.Ланда алгоритмизация теориясын иштеп чыккан. В.Оконь, М.И.Махмутов проблемалуу окутуунун системасын түзүшкөн.

50-жылдары П.Я.Гальпериндин, андан кийин Н.Ф.Талызинанын акыл аракеттердин этаптар боюнча калыптануу теориясынын биринчи эмгектери пайда болду. Бул жылдары Д.Б.Элькониндин, В.В.Давыдовдун эмгектеринде көрсөтүлгөн окутуунун өнүктүрүүчү теориясы иштелип чыкты. Өнүктүрүүчү окутуу Л.В.Занковдун эксперименталдык теориясында чагылдырылган.

Ошентип, педагогикалык психология өз алдынча дисциплина аралык билимдердин тармагы болуп, анын изилдөө предметинин маңызын, өзгөчөлүгүн түшүнүүгө мүммкүнчүлүк берген жеке, өз алдынча калыптануунун, өнүгүшүнүн тарыхына ээ.

**Тема боюнча тесттик тапшырмалар:**

1. Окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, ыкмаларын өздөштүрүгө жана жөнөдөмдүүлүктөрдү өркүндөтүүгө багытталган ишмердиги бул:

а) окуу;

б) үйрөтүү;

в) машыгуу;

г) бардык жооптор туура.

2. Окутуу жана тарбиялоонун психологиялык проблемаларын кайсы илимдин тармагы изилдейт:

а) педагогика;

б) педология;

в) педагогикалык психология;

г) жаш курак психологиясы.

3. Окутуунун психологиясы

а) мугалимдин ишмердүүлүгүнүн түзүлүшүн жана анын пикир алышуунун жана инсанынын өзгөчөлүктөрүн изилдейт;

б) ар кандай курактарда инсандын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт;

в) окутуу процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт.

4. Өздөштүрүү бул:

а) социалдык тажрыйбалардын элементтеринин жеке тажрыйбага өтүү процесси;

б) окуучуларды билимдерге, билгичтирге, көндүмдөргө ээ кылуучу процесс;

в) ар кандай курактарда инсандын калыптанышы.

**Адабияттар:**

1. Талызина Н.Ф. Педагогическая психология. −М., 1998. − 288 с.
2. Дубровина И.В. Возрастная и педагогическая психология. −М., 2008. − 368 с.
3. Выготский Л.С. Педагогическая психология. − М., 1991.
4. Зимняя И.А. Педагогическая психология. − М., 2008. − 384 с.
5. Кожогельдиева А.С., Кожогельдиева К.М. Педагогикалык психология: Окуу куралы. -Б.: Айат, 2011.